Кирг
Т 51

Абдрасул
Токтомушев



# Какшаалдан кат


КЫРГЫЗ
ССРнин
XXV
ЖЫЛДЫГЫ

Кирг
Т51

АБДЫРАСУЛ ТОКТОМУШЕВ

# КАКШААЛДАН КАТ

КЫРГЫЗМАМБАС
Фрунзе 1950

## САГЫНАМ

Жырган, куунап сайран куруп,
Эркин өскөн элиме!
Боз адырга чынар чыгып,
Гүлдөп өскөн жериме!
Барсам экен, көрсөм экен!
Кандай болуп кетти экен.
„Бир кайрылып кайран кызым,-
Келбей кетти“ дээр бекен.
Сагынамын, зарыгамын,
Оюман түк кетпестен.

Мөмөлөгөн дарак окшоп,
Эл толукшуп тургандыр!
„Ботом алыс калды эле“ деп,
Оюн эчен бургандыр!
Бирге басып колтукташып,
Кыз-келиндер жүргөндүр!
Шаттык каптап көңүл ачып,
Зоо жаңыртып күлгөндүр!
Барсам экен, көрсөм экен!
Кандай болуп кетти экен.
Сагынамын, зарыгамын,
Ушуларды эстесем.

*Бир тууган элим тозуп ал!*
*Көрмөккө жерин болуп зар,*
*Кат жазып, салам жиберет,*
*Кытайда калган кызыңар.*

# БИРИНЧИ КАТ

I

Жаш болсом да, ал кезде,
Кеткен жок чыгып баары эсте...
Ок тийип, сөөгү көмүлбөй,
Атакем калган белесте.
Аны мен кантип унутам,
Эстеген сайын кан жутам...

. .

Жалжалы боздоп буркурап,
Балдары ыйлап чыркырап,
Төгүлгөн көз жаш көл болгон,
Сай сөөгүм куйүп зыркырап.
Куйбөйүн кантип энеме?
Так салган душман денеме.

Ок мөндүрдөй төгүлүп,
Шум өлүм көзгө көрүнүп,
Жан арга кылып качканбыз
Туш келди жакка бөлүнүп.
Анчалык кордук тарткандай,
Айыпсыз элек эч кандай.

Куюгуп катуу бороондон,
Көп адам түпсүз жоголгон.
Артында душман, алды зоо,
Элимдин жолу торолгон.
Тагдырын кошуп зарлаган,
Көрбөгөн жапаа калбаган.

Далайлар учуп жыгылып,
Күбүргө сеңгүп тыгылып,
Калтырап жатып жан кечкен,
Калдайган карды сугунуп.
Жаш алып, бата кылышкан,
Аны мен кантип унутам.

Талоонго түшүп баарыбыз,
Талаада калган малыбыз.
Калың эл качкан, кырылган,
Кармашсак жетпей алыбыз.
Илинсе көзүм кичине,
Ал күндөр кирет түшүмө.

Жүктөлгөн бойдон көч калган,
Төрт түлүк малдан көп калган.
Керегин шайлап, тандатып,
Айдатып аны ким алган?
Аңтарылган шум жалган,
Көкөйдөн кеткис так салган.

Апамдын карды жарылып,
Курсактан бала алынып,
Оюнчук болуп — найзанын
Учуна кеткен сайылып.
Коркунуч баскан ал дүйнө,
Жеткенин айтам түбүмө.

Асманга күлдү сапырып,
Өрт өчкөндөй жапырып,
Желдеттер бүлүк салышкан
Кочкул кан даамын таттырып.
Жан алгыч болуп көрүнгөн,
Ал кордук кетпейт көңүлдөн.

Үйүнгө кирип сыгылып,
Жүрөгүм оозго тыгылып,
Бир үйдөн жалгыз мен калгам,
Башкасы жапырт кырылып.
Жазыксыз өлүп тукумум,
Күйүтүн тарттым ушунун.

Аталаш агам жетелеп,
Аскага качып экөөлөп.
Беделдин белин ашкан күн,
Алиге эстен кете элек.
Апат болгон шум жалган,
Алкымдан ажал аз калган.

Энеден бала айрылып,
Баласыз эне кайгырып,
Кишиге киши карабай
Кол кабыш кылып кайрылып.
Тополоң болуп, тоз түшкөн,
Биз үчүн кыйын күн бүткөн.

Ар кимдер алек жан менен,
Ишин бар кимдин, ким менен?
Жазыксыз окко учурап,
Бир боорум өлгөн миндеген.
Каптаган жерди кызыл кан,
Көргөндө көөнүм бузулган.

Өлгөндөн калган жармач жан,
Ар кимден сурап үзүм нан.
Ачкалык басып бир жактан,
Кумсарып ирең, качкан кан.
Мусапыр болуп тентиген,
Ал күндөр кетпейт эсимен.

Ачкадан баспай кайышып,
Ашууда бели майышып,
Жүрсө да элди тим койбой,
Өлтүргөн желдет сайышып.
Кыңылдап жаткан үнду угуп,
Кулагым калган бүт тунуп.

Кыргызды терип атканын,
Баш кесип, канын чачканын,
Унутпайм аны, бир жактан—
Азабы өткөн ачканын.
Биз көргөн ал күн келбесин!
Көрбөсүн пенде, көрбөсүн!

Түгөнүп алган жол азык,
Жегенбиз этти көк жашык.
Ачкалык азап көргөндөй,
Болду экен бизде не жазык?
Өзөөрүн жавын кыйнаган,
Жүрө албай мегдеп кыйраган.

Жан арга кылып качкан эл,
Арандан ашып кеткен бел.
Андагы сырды жомоктоп
Дүйнөгө жайган эрке жел.
Кай бири кейип угушкан,
Кай бири таба кылышкан.

Туш келди тентип талаалап,
Кытайдын жерин аралап.
Чачылган элим эсимде
Жүрөгүн кайгы жаралап.
Байларга малай жалданган,
Кор болбой кедей калбаган.

Айдалып асыл жеринен,
Айрылып алтын кенинен.
Азабын тартып турмуштун,
Ачкадан өлгөн, кемиген.
Билемин жанып күйгөнүн,
Кыжыры кайнап жүргөнүн.

Ал азап кетпейт эсимден,
Айласыз элим эзилген.
Айрылып укук, таалайдан,
Кендири керте кесилген.
„Тентиген кыргыз" дегенин,
Уккан соң ыйлай бергемин.

Баш кошуп бирге жыйылбай,
Муң басып жашы тыйылбай.
Кытайдын залим улугу,
Кылбаган жардам тыйындай.
Тамакка берип тапканын,
Танбаймын жанын бакканын.

Ал тургай кууган, айдаган,
„Кеткин деп тентип кайрадан"
Айтарга сөз бар, укук жок,
Ич күйүп, жүрөк кайнаган.
Башына түшүп кыямат,
Чырмаган азап уялап,

Тынбаган элим жай алып,
Турбаган жанын аяны.
Бир табак унга баласын,
Сатууга калган таянып.
Мындан да кыйын күн барбы?
Ким тарткан биздей муң-зарды

Каржалып кайыр тиленип,
Кара жан калган тирелип.
Какшаткан бизди шум турмуш,
„Омийин" дешке тил келип.
Үзүшкөн окшойт гүдөрүн,
Көрбөгөм элдин күлгөнүн.

Нур тамган кызыл өңү жок,
Чыдаган кимге кылмак док.
Сүлдөрү калган, жан баккан,
Он күнү ачка, бир күн ток.
Жаагынан түгү көрүнгөн,
Азап күн кетпейт көңүлдөн.

Кийими курак жамалган,
Көйнөгү болбой жаңы алган.
Жыртыктан эти көрүнүп,
Жылаңач, жүрдай деп калган.
Таанылгыс болуп алыстан,
„Мокочо" болуп калышкан.

Кол жетпей эрик таңына,
Док кетип жүрөк канына,
Аткыган арсыз турмуштун
Тырмагы баткан жанына.
Ага да көнгөн, чыдаган,
Чачылса кимдер кураган?

Паанайы паска салынып,
Жер, суусун ойлоп сагынып,
Сагынган менен айла жок,
Эриксиз жүргөн жабыгып.
        Жанынын тилеп эсенин,
        Өткөргөн күндүн эченин.

Ал жерден кайра кеткенин,
Чоң жапаа, кордук чеккенин,
Көрүнүп бүгүн болгондой
Элестеп көзгө, эстедим.
        Ал элдин болсом кулуну,
        Унутам кантип мен муну.

Уктаса түшкө кирбеген,
Ойлонуп эч бир билбеген,
Окуя түшүп башыма,
Көзүмдүн жашын ирмегем.
        Мойнума чалма түшөрүн,
        Билбедим мурун, күтпөдүм.

Айрылып элден калгамын,
Ичимде болуп арманым.
Кантип мен айтпай коёюн,
Какшаалдык бирөө алганын.
        Өрттөнгөн турмуш оңбогун,
        Үзүлгөн гүлдөй солгомун.

Бер десе сурап, асылып,
Дит багып агам*) батынып,
Бир табак арпа унуна,
Мен калгамын сатылып.
        Боору таш кандай жараткан,
        Түш кылды мени каяктан?

*) аталаш агасы.

Көз жашым бетти жууганын,
Көрүшкөн билет тууганым.
Жат жерде жалгыз калып мен,
Жалындуу жүрөк сууганын.
Беш көкүл чачты жулгамын,
Жаштыктын көрбөй жыргалы

Он үчкө толбой курагым,
Кайгыны башка курадым,
Эчтеке менен иши жок,
Ойноо кез эле убагым.
Көп жылдар өтүп тууганым,
Какшаалда дале турамын.

## II

Айтайын көргөн күнүмдү,
Тяншан тоого үнүмдү!
Тууган эл уксун мүңүмдү,
Унутуп, байкым түңүлдү?
Түңүлбө элим барармын,
Эркиндик тийип бир күнү!
Кайраттуу элдин кызымын,
Кайратым кайнап кысылдым!

Көргөнүм менин курусун,
Кеч кирбейт мага күн узун.
Кийим жок, тамак жетишпейт,
Күйөмүн эстеп мунусун.
Өмүрүм өтүп баратат,
Турмуштун көрбөй дурусун.
Көңүлүм көпкө бөлүнөт,
Аткан таң качан көрүнөт!

Турмуштун тартып азабын,
Убайым басып жашадым.
Отунун алып, от жагып,
Ар кимдин асын казанын.
Бөжөктөй төрт балам бар,
Төбөмдөн жер казамын.
Көрсөтпөйт эч ким жардамын,
Жардамсыз жерде калгамын.

Көйнөгүм мата жыртылган,
Чапан жок киер сыртынан,
Жакшылык бетин көрбөйсүң
Куу турмуш кандай кысылган?
Кай жердин келин, кыздары,
Кийишет жибек кызылдан?
Ак шайы жоолук салынган,
Келиндер кайсы айылдан?

Зарлаган аял миңдеген,
Аларга теңдик тийбеген.
Атилес, шайы дегенди—
Көрүшөт бирок кийбеген.
Батинке, пальто болот дейт,
Өмүрү биздер билбеген.
Аларды кимдер кийишкен?
Биздики чокой кийизден.

Бүтөлбөй үстүм жаңырып,
Шейшепсиз жууркан жамынып.
Каранды болуп ар кимге,
Эскисин сурап жалынып,
Ойлогон ойго кол жетпей
Куурулган замон тарылып.
Жокчулук алды кетирдин,
Кызылы качып бетимдин.

Чыгарып түтүн үйүмөн,
Кайнаса казан сүйүнөм,
Таң эртең менен кубансам
Кечинде кайра күйүнөм.
Кайгычыл болуп көнүктүм
Азаптуу дүйнө күнүнөн.
Бул күндөр кетпейт көңүлдөн
Көз жашым көлдөп төгүлгөн.

Жолдошум байга жалданып,
Күн чыкпай кетет мал багып.
Айласы канча, кембагал,
Аштпесе болбойт жан багып.
Запкысы жетип турмуштун,
Арыктап бүткөн каржалып.
Кор болгон адам, адамга,
Бузулат каным заманга.

Кайгылуу күндө жаралган,
Жүрөгү күйүп карарган.
Балдарым менин жайкысын,
Кашык сүт көрбөйт агарган.
Какшаалда манап, байлар көп,
Жардам жок такыр алардан.
Ал жерде жүрүп ким оңот?
Ойлосом ичке муз тоңот.

Кайсыга чыдап түтөмүн,
Ойлоно берип бүтөмүн.
Төрт баламдан арандан —
Биринин бутун бүтөдүм.
Кечикпей нуру тийсе деп,
Кантейин таңды күтөмүн.
Ойлонуп күндө зарланам,
Бүдүр жок колдо кармаган.

Курсагы тойбой балдарым,
Кетирип кубат, алдарын,
Көргөндө кейип жашыйнын,
От чыккан үйгө барганын:
Илмейип ичке шыйрагы:
Бутуна окшойт карганын.
Өрттөнгөн турмуш кысасын,
Келтирип жандын ызасын.

Чыдагыс чыгым салынат,
Чыдайын кайдан табылат?
Айтканын колго бербесең,
Талкалайт казан чагылат.
Жыртылган үзүк алынып,
Керегең отко жагылат.
Кеп айтсаң башың жарылат,
Кең дүйнө мантип тарылат.

Башыма түшүп кыйындык,
Көрбөдүм жыргал тыйындык.
Жагынып байга баш ийип,
Куушуруп колду сыйындык,
Айыпсыз жерден айыптап,
Жалаага биз көп жыгылдык.
Канткенде чыдап турамын?
Убайым тартып куурадым.

Доотайлар бурбайт көңүлүн,
„Өлмөктөн мейлиң көмүлгүн".
Жалынып жүрүп ар кимге,
Жададым, шүмшүк көрүндүм.
Сөзүмдү уккан киши жок,
Азганын көрүп өңүмдүн.
Сакталат, чыкпайт бул ойдон,
Калбасмын мен да бу бойдон.

Бактысыз болуп таалайым,
Өткөрдүм күндүн далайын.
Адамдар гүлдөп жыргаган,
Кайда экен турмуш? Барайын!
Балдарым жолдо жегендей,
Азыгын издеп табайын!
Жалынсам кантем кишиге,
Сурайын азык кичине.

Тяншан тозбос жолумду,
„Көтөр" деп, өйдө колунду!
Сураса менден айтармын,
Бараткан максат, оюмду,
Өзү да билер, текшерер?
Кошулар көрүп боюмду!
Жашырбай айтып сырымды,
Жаттатсам жаңы ырымды.

Сурасам жолду асылып,
Тяншан койбос жашырып!
Элиме катты жиберсем,
Ак карлуу тоодон ашырып.
„Аманат" деп, бек жазсам,
Айрылбас жолдо ачылып.
Чек ара калбас токтотуп,
Башкага катты окшотуп.

Кыргыздын жетип чегине,
Барса экен катым жериме,
Жоголбой, сөзү коробой
Тийсе экен тууган элиме!
Катыман окуп билишсин,
Турмушту кытай жеринде.
Алыска кетип көңүлүм,
Жыргалын ойлойт өмүрдүн.

Кат келсе тууган элимен,
„Катыңды алдык" делинген.
Сүйүнгөндөн буркурап,
Басылар белем деги мен...
Сүрөтчү болуп түшүрсө,
Ошентип турган жеримен!
        Келсечи күнүм самаган!
        Көп кечикпей арадан!

Бу көргөн кордук аз бекен?
Эркиндик таңы атса экен!
Алкымдан алып аткыган
Эскинин күнү батса экен!
Ээилдик, эми жетишет,
Атса экен таң! Атса экен!
        Орундап күткөн тилегим!
        Ойносо экен жүрөгүм!

III

Жайкалып чөбү тушардан,
Жайылып малы жууушаган,
        Жер эсимден чыккан жок.

Жибектей жумшак созулган,
Жытына жыпар кошулган,
        Жел эсимен чыккан жок.

Карагай каптап коктусун,
Ак мөңгү баскан чокусун,
        Тоо эсимен чыккан жок.

Аркары кароол караган,
Бүркүтү шаңшып тарангаи,
        Зоо эсимен чыккан жок.

Тоо артынан сөгүлгөн,
Агарып нуру төгүлгөн,
Таң эсимен чыккан жок.

Ат минип жүрсө кайран эл,
Дүңгүрөп кеткен кара жер,
Шаң эсимен чыккан жок.

Сергитип назик көңүлдү,
Кубаттап күлгүн өмүрдү,
Эрке жел соккон кечинде,

Көгүлжүн тартып чалкыган,
Аккуулар сүзүп калкыган,
Ысык-Көл дайым эсимде.

Асмандан типтик атылган,
Бытырап жерге чачылган,
Ак бермет мөндүр эсимде.

Кыялай басып суу алган,
Кыналып бели буралган,
Ак келбет келин эсимде.

Кожогат терип ойногон,
Эндикти көрсө койбогон,
Кыздар эстен чыккан жок.

Айланып учуп асмандан,
Аскалуу тоону антарган,
Куштар эстен чыккан жок.

Аппак кылып кийинзден,
Жайында калпак кийишкен,
Түр эсимен чыккан жок.

Ак чөлмөк оюн баштаган,
Келиндер келип баш тангаи;
Түн эсимен чыккан жок.

Атылып чыккан булактан,
Мөлдүгү тунук сымаптан,
Суу эсимен чыккан жок.

Желдеттер менен атышкан,
Бүлүнүп элим качышкан,
Чуу эсимен чыккан жок.

Алпештеп мени өстүргөн,
Бирге туруп, бир жүргөн,
Кадырын элдин сагындым.

Урматтап дайым сыйлаган,
Урматын көрбөй кыйладан,
Кайгырдым, элди сагындым.

Көрсөм деп жерди сагынам,
Сагынам элди баарыдан!
Элеси кетпей эсимден,
Ойлоно берип зарыгам.
Какшаалга таң атса экен!
Өзгөрүп дүйнө жаңыдан!

IV

Байгы кыргыз эзилген,
Көкөйү-көксөп кесилген,
Өзүнчө союз болушуп
Гүлдөгөн эми, жетилген.
Багынтып кыйын турмушту,
Гүлдөтүп кайра курушту,

Ушинтип уктук алыстан,
Чындыкты билген маалыстан.

Шаттанып шайыр жүрбөгөн,
Сумсайып ачык күлбөгөн.
Кабагын чытып муңканып
Кандары кысып сүйлөгөн,
Кыргыздар эми шаттанып,
Кыргыздар эми гүлдөгөн,
Кыздары окуп кат таанып,
Кыргыздар сүйлөйт даңктанып.
Ушинтип уктук чын бекен?
Чын экен кантип мен жетем

Тамдары кабат салынган,
Шаары бар дешет жаңыдан.
Ачылган күндөй жаркырап,
Электр шамы жагылган,
Кыргыздар кайра төрөлүп
Кыргыздар бөтөн жаңырган.
Эркектер менен тең болуп,
Ал жакта аял кадырман.
Жайылды бизге бул кабар,
Сүйүнбөй укса ким калар.

Асылы чексиз жеринин,
Алтындын кени табылган.
Баатыры көп дейт элинин,
Эмгектен орден тагынган.
Кыргыздар кайра жаралып,
Октябрь берген таңынан,
Атагы чыгып ааламга,
Ай менен күндөй таанылган.
Ушундай кабар угабыз,
Кубанып көңүл бурабыз.

Акак таш менен салынган,
Тунуке менен жабылган,
Мектеп турат заңгырап,
Багынан атыр жел бурап.
Балдары сонун окуган,
Бир күнү калбай окуудан.
Кыздары бар дейт, эл бийлеп,
Өкмөт болуп олтурган.
Кандай сонун жаңылык,
Гүлдөгөн баары жаңырып.

Күрөштө баатыр атанган,
Көргөндө душман жалтанган,
Тиктесе жерге киргизип,
Көздөрү сүрдүү, от жанган.
Комдонуп жаткан жолдогу
Арыстан сындуу айбаты.
Алышса чалып ыргыткан,
Илбирстен кыйын кайраты.
Эрдигин аны ким танат?
Кеп кылып бул жак таң калат.

Черинди жазып шат кылып,
Күлдүрүп колду чаптырып,
Сөзүнөн шекер, бал тамган,
Уккандар сүйүп, жактырып.
Чечендер чыккан эң сонун,
Жаштары кылка бир порум,
Мүнөзү шайыр, шамдагай,
Кыргыздар сонун болгонун,
Кеп кылып-бул жак суктанат,
Суктанат көбү, мыкканат.

Күлүшсө тиши жалтырап,
Көздөрү жанган шам чырак,
Кыздары сулуу кыргыздын,
Жамалы күндөй жаркырап,
Жоголуп жорук баштагы,
Акылдуу өсүп жаштары,
Илимге жапырт тырышкан,
Өнөрлүү болуп чыгышкан.
    Ушундай кабар угулат,
    Көпчүлүк көөнү бурулат.

Айыктырган ажалдан,
Доктордор чыкты кыргыздан,
Ай алдында сызышкан,
Учкучтар чыкты кыргыздан,
Парашют деген нерседен —
Секирген жетип жылдыздан.
Колунан түркүн иш келген,
Кыйындар көп дейт кыргыздан:
    Каптап калың айылды
    Ушундай кабар жайылды.

Мурдуна чүлүк тагышып,
Шилекейин агызып,
Көтөрмө менен шалаңдап,
Ыңырчак токуп алышып,
Өгүз минип жүрүшкөн
Баягы кыргыз азыр жок.
Эми айстаң ага күлүшкөн,
„Көңкөсү" бар дейт минишкен.
    Кандай сонун жаңылык,
    Гүлдөгөн баары жаңырып.

Буурусун менен жер айдап,
Буулугуп ичте муң кайнап,
Маласы чычырканактан,
Тикени колду канаткан,
Чычырканып, бел байлап
Эптеп эгин айдашкан.
Кодура чыгып жеринен,
Түшүмү ыксыз кемиген.
Кара сойлок бүт басып,
Оруп малга жедирген.
Ал аспап калган, таштаган,
Жаңыча ишти баштаган.

Кыйналып чарчап, тозбогон,
Оозу жок чөп жеп оттогон.
Өзүнөн өзү жүгүрүп,
Ат менен өгүз кошпогон,
Солкулдап жүрсө кара жер,
Титиреп кеткен окшогон,
Чыгыптыр соко башкадан,
Каңтарып чымды таштаган.
Бир жүрүп кеткен жерине,
Он өгүз кошсо тартпаган.
Кандай кызык керемет?
Какшаалдын калкы көрө элек.

Торпогун опко байлаган,
Бир жерде кечке айланган,
„Майдан, майдан, майдан" деп,
Тиркешип атты айдаган,
Күндөрү кетип кыргыздын,
Иштерин курган кайрадан.

Орулуп эгин, чабылган,
Машина чыккан жаңыдан,
Бастырып өзү сапырып,
Кызылы кырдай алынган.
Кандай кызык ырахат!
Жетишкен кантип буга бат?

Тилетип ырыс алладан,
Дин менен элди алдаган,
Жоголуп эшен, молдолор,
Эл ичинде калбаган,
Андагы күндүн бири жок,
Адамды-адам жалдаган.
Бай, манап кеткен терилип,
Энчиси колго берилип,
Элдери жыргап, жер күлгөн,
Бойлорун жазып керилип.
Кандай сонун жаңылык,
Гүлдөгөн баары жаңырып.
Ушундай күндү каксаалдык,
Калың эл күтөт сагынып.

Бул күнгө жетем дебеген,
Сүт ичип, каймак жебеген,
Үйсуздар үйгө жетишкен,
Каранды болгон эл күндөн
Колдорун шилтеп өтүшкөн.
Көпчүлүк күчүн жыйышып,
Колхозго кирип уюшуп,
Оокаттуу болуп кетишкен.
Ушундай кабар таралып,
Жүрөккө синди жай алып.

Каргытып атта ойногон,
Атканын жазып койбогон,
Аскери сонун кыргыздын.
Эликтей ыргып секирген,
Самаган жерге жеткирген,
Аттары сонун кыргыздын.
Шамалдай учуп тескейден,
Чапканы сонун кыргыздын,
Жеңиштин жаңы тарыхын,
Айтканы сонун кыргыздын.
Гүлдөгөн шайыр эл дешет,
Силерди күнгө теңешет.

Көпчүлүк ишин ойлогон,
Көркөмдөп кызык ойногон,
Артиси сонун кыргыздын.
Билимдин кенин казышкан,
Талыкпай окуп жатышкан,
Жаштары сонун кыргыздын.
Кайгысыз, муңсуз күлүшкөн,
Кыздары эркин жүрүшкөн,
Теңдиги сонун кыргыздын.
Тартынып чочуп калбаган,
Илбирсти тирүү кармаган,
Эрдиги сонун кыргыздын.
Ушундай кабар жайылды,
Каптап калың айылды.

Баш кошуп киши кошулса,
Жүрсө да, турса-олтурса,
Турмуштан кеп козголот,
Кыргызстан сөз болот,
Аңгеме куруп ар күнү,

Дебеге көп эл топтолот,
„Турмушту качан багынтып
Алабыз" — дешетноктолоп.
Тилегин элдин берсе экен!
Самаган күнү келсе экен!

V.

Кайгыда, мунда жашаган,
Кыргызды кайра жасаган,
Катарга кошуп калтырбай,
Кыргызды эл деп атаган.
Төбөсү көккө жетилген,
Гүлдөгөн күнгө жеткирген,
Көз жашын тыйып кубантып,
Кыргызга бакты келтирген,
Мөмөлөп турган алмадай
Бакчысы болуп өстүргөн,
Сталин деп, угабыз,
Өмүрүн тилеп турабыз.

Так катып тили күрмөлгөн,
Булбулдар сайрап гүлдөрдөн,
Канатын жазып таранып,
Кайгысыз эркин күн көргөн.
Кадырлап „кара кыргыз" ды,
Жыргатып жыргал күн берген.
Алдейлеп эркин өстүрүп
Куткарган ыйлуу күндөрдөн,
Жаштарын сүйүп бөпөлөп,
Кыздарга кызыл гүл берген.
Алтындын кенин чыгарып,
Ак карлуу тоого түр берген.
Ал адам ашкан акылман,
Ээрчийбиз анын артынан!

Акылы терең адамдан,
Сталин артык жаралган.
Билбеген аны киши жок,
Дүйнөгө даңкы таралган.
Көрөр күн болор бекен деп,
Жүрөбүз күтүп арандан.
Ал адам аман болсо экен!
Өмүрү миңге толсо экен!
Эмгекчи эл үчүн жаралып,
Дүйнөгө келген киши экен!
Бел байлап сизге алыстан,
Кат жаздык күйүп намыстан.

Эмгекчи калкы дүйнөнүн,
Сталинди сүйгөнүн,
Жашасын узак көсөм деп,
Өмүрүн тилеп жүргөнүн.
Доотайлар угуп күйүшөт,
Кабагын чытып түйүшөт.
Шердениш биз жатабыз,
Сталин деп, атабыз.
Сүйүнүп жана эркелеп,
Алыстан кат жазабыз.
Алсызга кубат ал берген,
Акылман узак жашаңыз!
Атыңан айтсак ай күнөө,
Калтырап кетет кей бирөө.

Кыйнаган бизди күн өтөр,
Дүйнөгө тегиз күн жетер!
Саламат болсо Сталин,
Дүйнөнү бүткүл гүлдөтөр!
Түлкүнү бүркүт сермесе,
Каруусу канча тырп өтөр...

Жаш менен жазган бул катым,
Талаага калбас кур бекер!
Кошулуп тууган элиме,
Жүрөктөн кайгы, муң кетер!
Үзүлбөйт элден гүдөрүм!
Билемин турмуш гүлдөрүн.

„Бул жактын жайын мыктылап,
Кай жактан кызым укту" деп,
Күмөндөр болбо тууган эл!
Ал жакты билген киши көп.
Мао Цзе-дун өзү жиберген
Кишилер айткан ушул кеп.
Уктум мен бардык чындыгын,
Кут болсун күткөн сыймыгың!

## VI

Айланам сенден кыргызым,
Бар экен тоодой ырысың.
Нуруна балкып эриктин,
Муздаган жүрөк жылысын!
Кирээси чыксын азаптын,
Өмүрдү гүлдөт, жашаткын!

Какшаалдын калың кедейин
Максатын айтып берейин:
—Эркиндик тийип бул жакка
Мао Цзе-дун жеңсе! — дегенин.
Алардын ушул тилегин,
Билсин деп жазып жибердим.

Жакырлык менен багып жөн,
Жашка аралаш агып кан,
Жакшылык көрбөй жабыкты эл,
Жарк этип атпай күткөн таң.
        Алгыла эске туугандым!
        Какшаалдык кедей тууганың.

Кайгырса зарын ким билет?
Партия чечет деп жүрөт.
Жакшылык күндөн кеп болсо,
Кубанат, кайрат дем кирет.
        Медерим дешет силерди,
        Чечкиле бутта чидерди!

Адилет болсо жаратман,
Өч алсак байдан, манаптан,
Күтөбүз жардам болор деп,
Компартия тараптан!
        Ушундай күндө алсырап,
        Турушат араң эл чыдап.

Жайы-кыш иштеп тынбастан,
Бошобой дайым кызматтан.
Акысын албай жалдаган,
Мөгдүрөп кедей сыздашкан.
        Алгыла эске туугандым!
        Убалы болор булардын.

Кайгычыл болуп үйрөнүп,
Кандары кызуу сүйлөнүп,
Улгайган кары кедей көп,
Колукту албай үйлөнүп.
        Ушундай турмуш—турмушпу?
        Мөгдөтүп боордон жылгызды.

4

Заңы бар теңсиз бул жактын,
Зар какшап баян кылмакмын.
Жүрөктөн чыккан жалын деп,
Билгиле сырын бул каттын!
Кубатым деппи силерди,
Тилегин айтып жиберди.

Айтайын болгон далилден,
Далилден айкын көрүнгөн.
Сыйыртмак салып асылып,
Кечкен бар алтын өмүрдөн.
Түгөнбөс айтсам күйүтүн,
Жаралуу болгон кийиктин.

Кара каш, көзү дүрбүдөй,
Кеп кылып адам жүргүдөй,
Кыпча бел, кой көз, оймок ооз,
Таалайлуу жигит сүйгүдөй,
Айшакан бир кыз керилгең
Мал үчүн, чалга берилген.

Он төрткө жаңы жаш чыгып,
Доорун сүрбөй—жашчылык.
Эриксиз кеткен буркурап,
Кирпиги менен жаш сыгып.
Келтирген запкы өмүргө
Бул жорук кетпейт, көңүлд

Арадан жети күн өткөн,
Кайтарып кызды түн өткөн.
Таң аткан кезде сыйпалап,
Таба албай калган түнөктөн.
Туш-тушка кетип чабаган,
Ой-кырдын баарын карига

Чыдабай күйө намыска,
Ардаһып өзү барышка,
„Кайнатам кызын тапсын" деп,
Чаптырган жигит алыска.
Айшакан түгүл изи жок,
Дайынын билген киши жок.

Он бир күн өтүп арадан,
Айылдын баарын караган.
„Табылды" дешип, Айшакан
Эртеси кабар тараган.
Кутулбай курҕур бекинип,
Уккандар калган өкүнүп.

Чоткара барып кол курап,
Айыпка тогуз мал сурап,
Жапарды байлап сабашкан
Таңганча эстен алсырап.
Акмдак кылып көрүнөө,
Так салган кедей сөөгүнө.

Табылат кайдан анча мал?
Жапар бир жалгыз кембагал.
Он жети жашты болжошуп,
Айшакан сүйгөн жигит ал.
Жүрөгү бирөө, эки эмес,
Сүйгөнү бирөө чеки эмес.

Чөк түшүп Жапар тизелеп,
Багынды кантет, бүттү кеп...
Чоткара байга кез болуп,
Алганын, алган никелеп.
Сүйгөнгө кошпой теңирим,
Жаштардын кести кеңдирин.

Заманы күйүп тарылып,
Өлгүсү келип жарылып,
Турмуштан кечип Айшакан,
Жашынан өлүм сагынып.
Асылып жаткан жеринен
Эл келип калган жабылып.

Сүйлөштү...иштп чечишти...
Өч алды кыйнап—жетишти...
Айшакан кантсин, боздотуп,
Күч менен алып кетишти.
Теңдигин савап кыздардын,
Ар дайым күйүп сыздадым.

„Кеч кирди" дешип шаштырып,
Камчылап ылдам бастырып.
Чоткара „күйө" бараткан,
Шаттанып, ачык каткырып.
„Мөрөйүм алдым" дегендей,
Ойлобой капа кенедей.

Агыны катуу шар аккан,
Төө өркөч болуп бараткан,
Суу кечти мурун жол баштап,
Чоткара „күйө" кашка атчан.
Дөгүрсүп жүргөн көбүңкү,
Ал элдин канкор бөрүсү.

Кой берип тизгин, чылбырды,
Айшакан шарга—ыргыды,
Сыдырым соккон коңур жел,
Күүгө салып ыр кылды...
Үзүлгөн гүлдөй жаш сулуу,
Жай тапты толкун аркылуу..

## VII

Акканын суюга каныбыз,
Кеткенин кубат алыбыз,
Какшаалдын калың кедейип,
Туугандар эске алыңыз!
Ушундай турмуш шартыбыз,
Аныгын айткан жарчыңыз.

Тууган эл кош бол! Эсен бол!
Какшаалдык кедей берет кол!
Жан дили менен күтүшөт
Жакындашын алыс жол!
Арылар бир күн дартыбыз!
Жеңиштүү болсун артыбыз!

## VIII

Кытайдын угуп кабарын,
Билсеңер керек абалын?!
Япондук жырткыч кол салып,
Агызды канын адамдын.
Бошторндук сүйгөн көп элдин,
Жок кылмак эркин талабын,
Ким буга чыдап бермекчи?
Баш көтөрдү эмгекчи.

Калың эл чыкты беттешип,
Канкорго каршы кектешип,
Алыскы, ички жоо менен,
Ажалды, бакты чектешип,
Көп кылым муңга баткан эл
Эркиндик күнүн көксөшүп,
Күрөшкө чыкты, күрөшкө,
Жетсе экен күткөн тилекке!

Биригип кытай көп эли,
Майданга жапырт жөнөдү.
Эртедир, кечтир бул элдин
Душманды ачык жеңери!
Компартия жол баштап,
Баратат анткен себеби!
        Буга мен ачык кошулам,
        Жар салып какшаал тоосунан

*Жеңашин угуп элиӊин,*
*Кубаныч басып көңүлүн,*
*Куттуктап кызыӊ кат жазат,*
*Жыргалын самап өмүрдүн.*

# ЭКИНЧИ КАТ

I

Алыста жүргөн сагынып,
Арылбай шордон камыгын,
Кабарын сурап билсем деп
Көрүнгөн жанга жалынып,
Айланып алтын тууган эл,
Кетейин сенден кагылып!
Кызынан да бир кабар ал!
Ойлово берип болду дал.

Көз жашым төгүп буркурап,
Ый менен кошуп үн курап.
Санаамды сага жүгүртүп
Үшкүрүк басып туңжурап,
Он жылдан мурун кат жазып,
Жиберген элем сыр сурап.
Ал катым барып тийгендир,
Кызынын жайын билгендир.

Үктасам түштөн кетпеген,
Ыйласам үнүм жетпеген.
Тууган эл алыс, мен жалгыз,
Айтканым үжөт өтпөгөн.
Муңумду угуп ал жакта
Бар чыгар мени эстеген!
Жатсам-турсам, мен эстеп,
Эл, журтум турат элестеп.

Алыска бөлүп санаасын,
Сагынган чолпон баласын.
Тууган эл алып эсине,
Кайгынын табар дабасын!
Жаанга айланып көз жашым,
Каптады Какшаал талаасын!
Көрүшсүн кантип акканын,
Кайгыга кызы батканын.

Үшкүрсөм демим тумандай,
Алсырайм көпкө тура албай,
Куу турмуш эске түшкөндө,
Кысылат демим буугандай.
Ойлосом туутан элимди,
Чыйралам кайра туулгандай.
Күч берген кубат деминен
Кагылайын деги мен!

Тилегиң тилеп силердин,
Салам кат жазып жибердим.
Айылдан түркүн кеп угуп,
Ал жактын жайын билгемин.
Жыргалын самап өмүрдүн,
Жакшылык күндө тилегим!
Кут болсун күткөн сыймыгың!
Укканмын турмуш чындыгын.

Таалайдан көрөм жазганын,
Багымды тагдыр ачпадың.
Отуз жыл жүрүп бул жерде,
Кайгыдан башка тартпадым.
Эркиндик күнүн көп ойлоп,
Ар дайым зарлап какшадым.
Өзүңдүн туулган элиңе,
Кошулсаң арман эмне!

Көрөрмүн башка түшкөнүн,
Турмушка бышып бүткөмүн.
Акылман аман бар болсо,
Бир күнү келер күткөнүм.
Төрөлүп өскөн алтын жер,
Ойлоно берип түтпөдүм.
Чыдайын, сабыр кылайын,
Эсенин элдин сурайын.

## II

Ачылган гүлдөй жайнаган,
Сиңдилер сенден айланам.
Кабарың сурап билмекке,
Кат жаздым күйүп кайрадан.
Элиме салам айтып кой,
Какшаалда калган Сайрадан!
Жете албай көзү чачырап,
Жүрүптүр дегин ал чыдап.

Агызып эжең көз жашты,
Иниler сага кат жазды.
Кундуздай кара чачымды,
Мезгили жетпей ак басты.
Ойлоно берип силерди
Убайым тартып өң азды.
Боорлорум менин эсенби?
Эске алгын курган эжеңди!

Артыкча көрүп жанынан,
Жүрөгүн чапкан кагылган,
Боорукер эне! Жан ата!
Силерди кызың сагынган.
Атыман айтпай агалар,
„Карындаш“ дешип жалынган.
Көрсөм деп, элдин караанын,
Тилеймин тегиз аманын.

Эжендин айткан кептерин,
Сиңдилер дайым эстегин.
Жөнөкөй кыздын бири деп,
Унутуп мени кетпегин!
Алдынан боордош жолукса,
Сайраның колу деп бергин!
Жылмая карап беттерин,
Сыга кармап бек бергин!

Кагылам совет журтуман,
Кабарың уктум сырт[illegible].
Канчалык кыйын күн түшсө,
Кайраты кайнап курчуган.
Кайгыда жалгыз жүрсөм да,
Медерим силер бир тууган.
Чыдайын, кайрат кылайын,
Көп эле тарт[illegible] убайым.

„Жоо“ десе тынчып жа[illegible]ган,
Беттешип чыккан, кач[illegible].
Эл үчүн кыйып өмүрдү,
Ажалдан башын тарт[illegible]!
Совет эл жоосун жеңди [illegible],
Асманды, жерди каптаган.
[illegible] күйүп беш жыл батыштан
Боорлорум анда [illegible]тышкан.

Көп болду муну укканга,
Кыжырым кайнап душманга.
Бейкутта жаткан элимдин,
Каласын келип бузганга.
Калтаарып кайра качкан дейт,
Беттешип эрлер чыкканда.
Душманың чочуп сүрүнөн,
Укканда жандан түңүлгөн.

Керемет күчкө жеткенин,
Алыста жүрүп сезгемин,
Ар кимден угуп билгемин,
Совет эл кыйын дешкенин.
Темир ат минип, көктө учуп,
Согушка жапырт кеткенин.
Күткөмүн элдин жеңишин,
Жоокерлер эсен келишин.

Жигиттер менен ок атып,
Бороондо эчен түн катып,
Кыздары бирге барган дейт,
Айчылык алыс жол тартып.
Даңаза кылып бул жакта,
Жүрүшөт дайым эл айтып.
Даңкыңар кетти жер жарып,
Көрөр күн барбы мен барып!

Чалгынды бирге чалыптыр,
Майданга бирге барыптыр.
Орустар менен кыргыздар
Бир тууган болуп алыптыр.
Деңизге дайра кошулуп,
Керемет болуп калыптыр.
Толкуса ошол калың эл,
Солкулдап кетер кара жер.

Ушул эл жоосун жеңгенди,
Укканда бул жак термелди.
Сүйүнчү сурап кай бири,
Кубаныч, муңун тең бөлдү.
„Батышты—чыгыш багынтып,
Советтер жеңди"—деп келди.
Кут болсун ошол жеңишиң!
Гүлдөсүн алган өрүшүң!

Жылдыздуу совет Армия,
Калтырбай элин кайгыга,
Бир оздон уран чакырып
„Сталин үчүн алдыга!"
Өрт кечип жоого кирген дейт,
Чабуул коюп жабыла.
Бул элди кантип жоо жеңет
Не деген буга тең келет?

Кубаныч бийлеп жүрөктү,
Укканда кызың жаш төктү,
Кат жазып салам бере албай,
Арадан кыйла жыл өттү.
Кечиксем дагы тууган эл!
Билдиргим келет тилекти.
Балаңар болсом силердин,
Силер деп, ойлоп жүрөрмүн

Сурадым, уктум кабарды,
Айталбайм толук аларды...
„Чолпонбай баатыр чыкты"—деп,
Какшаалга кабар таралды.
Жакшы кеп уксам ал жактан,
Жаныма болот аралжы.
Тууган эл сенсиң тирегим,
Үзүлбөйт күткөн гүдөрүм.

Душмандар каптап басканда,
Кан төгүп камап жатканда,
Бир боордош элге кас санап,
Ажалдын огун атканда,
Кошулуп бирге болбодум
Кайгысын бөлүп тартканга.
Кантейин бөлөк жердемин,
Тилекти тагдыр бербедиң.

Сапырып күлүн асманга,
Орустар бара жатканда,
Кылчайбай немец артына,
Куралын таштай качканда.
Чоң Берлин деген шаарынын
Капкасын барып ачканда,
Кыргыздар бирге болуптур,
Женишке колун коюптур.

Күч болсо неден жалтанат,
Майданда эрдик байкалат.
Кол салган бетпак фашистти
Кан кустурган талкалап.
Сталин баштап башында,
Жоо жеңген элге салтанат!
Салтанат элим! Салтанат!
Шерденип айтам кайталап.

Кут болсун жеңиш майрамың!
Кабыл ал катын Сайранын!
Эркиндик күнү тийгенче,
Кайгылуу караан жайдамын.
Азаттык туусу желбиреп,
Алса экен жердин аймагын!
Алсаңар элим мени эске!
Ачылар багым бир кезде!

Ыңгайын карап убактын,
Шартына сабыр кылмакмын.
Беймаза, курган турмуштун,
Несине чыдап турмакмын.
Айтпасамда кабарын,
Билсеңер керек бул жактын!
Кайгыны силер сүйбөйт деп,
Жайылып кеткен эчен кеп.

Баатыр болуп жигити,
Элиртип минип күлүктү,
Өнөрпоз болуп кыздары—
Ойнойт дейт куруп шаң-күлкү.
Күлкүсүнө кошулуп,
Көрсөм дейм элди бүгүнкү.
Көңүлүм ачып каткырып,
Черимди жазсам шат кылып.

Дегдеймин элге бара албай,
Баруунун шартын таба албай,
Көрмөккө жыргал турмушун,
Дилгирмин сокков шамалдай.
От араба жүрүптүр,
Кыз-күйөө тоосун аралай.
Бул жакка жетер болсочу,
Кыскарып жолдун ортосу.

Болду экен кандай жарыктык?
Көрсөтөр бекен кабылтып!
Ичине түшүп олтуруп,
Этек жеңим жайылтып,
Жетип барсам бир күнү,
Айылдын баарын камынтып!
Бактысын ачкан эчендин,
Сталин бар жетермин!

Жүргөнүм айтып ыраактап,
Көзүмдүн жашы буурчактап,
Алдыман боордош жолукса,
Бетинен өпсөм кучактап!
Акыйкат жеңер элинде,
Белгилүү күндүн биринде!

Элиме барган күнүмдө,
Дитимди койсом билимге!
Жан-дилим менен иштесем,
Колхоздун кирип бирине.
Жайнатып эгин, мал алсам,
Кубанычым ташып сүйүнө!
Ардактап майрам күнүндө.
Чакырсам конок үйүмө.

„Эмгектин эри"—дегизген,
Ударник бар дейт, келишкен,
Кызылча дешип аташып,
Талаага шекер эгишкен.
Кошулуп мен да аларга,
Ишине жардам беришсем!
Кызматы болсо тең бөлсөм,
Жыргалы болсо тең көрсөм.

Ала-Тоо сындуу жер болбос,
Сагынбас аны эр болбос,
Ырыска шерик, керемет,
Жер деген адам кем болбос.
Эркиндик тийип барганча,
Эсен бол элим бир боордош!
Жүрөгүм сага арналган.
Тирегим сенсиң кармаган!

Сагынган жүрөк басылсын,
Көңүлүм чалкып ачылсын.
Мен үчүп жутуп койгула,
Төрөлгөн жердин суусунан!
Булагы оргуп жаткандыр,
Көк кайкы тоонун бурчунан.
Айланайын алтын жер,
Сагындырган баркын көр!

Кабыл ал катын ботоңун,
Акыры бир күн бошормун.
Жеңдирбей кыйын турмушка,
Белсенип баарын тосормун!
Жүрсөм да алыс туугап эл!
Тилекти бирге кошомун.
Кайраты жок деп санаба!
Ишенгин чолпон балаңа!

Намыскөй кызың мен болсом,
Төрөгөн мени сен болсоң,
Турмушка бошоп жүгүнүп—
Тирүүмдө кантип баш тосом!?
Капаска салып койсо да,
Эркиндик үчүн кол созом!
Ошондой бүткөн жүрөгүм,
Ошентип, элим жүрөмүн.

Инилер менен сиңдилер,
Тилегим менин билдиңер.
Зардеси кайнап жүрөктө,
Кайраты болсо ким жеңер!
Сабырдын түбү сары алтын,
Самаган күткөн күн келер!
Кайратсыз дебей эженди—,
Билип кой „намыс" деген-ди.

Үзүлсө жалгап улаган,
Чачылса жыйнап кураган,
Эзилген элге эрк берип,
Азаттык күнгө чыгарган,
Сталин атам бар кезде
Кутулар башым тумандан!
        Жарк этип бир күн барармын,
        Шаңк этип колун алармын!

### III

Азаттык үчүн кан аккан,
Айтайын кабар бу жактан:
Силерге немец кол салса,
Японлор бизге ок аткан.
Мукден, Харбин шаарынан
Сокку жеп силер тараптан.
        Квантун аскер кыйраган,
        Мактанып жүргөн кыйладан.

Японлор анда жеңилген,
Куралын таштап чегинген.
Боштондук элдик Армия,
Кубалап кытай жеринен,
Сүйүнүч каптап көңүлдү,
Муң баскан жүрөк өлирген.
        Бул күндөр эсте ар дайым,
        Жалпыга болгон ал дайын.

Билбейт деп турмуш сырларын,
Кызыңа күмөн кылбагын!
Чан-Кай ши төгүп эл канын,
Өрт күйгөн согуш жылдарын.
„Чыккынчы" дешет эл аны,
Сүйбөгөн кытай жыргалын.
Бөлүнүп калың эл бир жак,
Согушуп жаткан ушул чак.

Талоонго түшүп бул өлкө,
Созула бербес ал көпкө,
Мао Цзе-дун баштап, эл ээрчип,
Аттанган жапырт күрөшкө.
Жакындап жеңиш калгансыйт,
Арадан улам күн өтсө.
Эртеңда бир топ душмандын,
Билемин кыйрай турганын.

Душман ким? Дос ким текшердим,
Турмушта түркүн иш көрдүм.
Бөштөндүк берчү аскерге,
Эки уулум бирдей өткөрдүм.
Түн катып өзүм жөнөтүп,
Келечек жайын эскердим.
Жоокерлер эсен келсе экен!
Эрк сүйгөн Кытай жеңсе экен!

*Баягы кызың муңайган,*
*Кутулуп кайгы - убайдан.*
*Сүйүнчү айтып, кат жазат,*
*Боштондук алган Кытайдан.*

# ҮЧҮНЧҮ КАТ

## 1

Тууган эл сенден кагылам,
Кабар ал менден жаңыдан!
Кылымдар эзген Кытайды
Кулады ханшиң*) тагынан.
Эркиндик тийди сүйүнчү!
Эчен жыл эңсеп сагынган.
Жүрөгүм толду кубанчка,
Азаттык келип бул жакка.

Айланам элим, айланам,
Кабар ук кызың Сайрадан!
Боштондук жарын чакырган
Болоюн күкүк сайраган.
Кытайга жарык таң атып
Алмашты турмуш кайрадан.
Бул турмуш тийди өнчүгө —
Эзилген калктын эркине.

*) *Ханшин* — канкор, жеддет, мыкаачы маанисинде.

Азаттык күнү келгенин,
Мао Цзе-дун жоосун жеңгенин,
Айылга, шаарга жар салып
Үктүк биз, айтып бергенин.
Эл менен кошо ураалап,
Кубанчка мен да термелдим.
Кубандым элим, кубандым,
Кубанбай кантип турамын.

Жатпа деп элим мөгдүрөп,
Сайрандар кезиң келди деп,
Мао Цзе-дун кагаз жазыптыр
Жеңиштин күнүн белгилеп.
Калың эл чыкты толкундап,
Көтөргөн туусу желбиреп.
Үч күнү майрам, той жасап,
Дуулады калың эл жашап.

Эсимден ушул күн кетпейт,
Айтууга баарын тил жетпейт.
Сүрөтүн көрдүм көсөмдүн,
Олтурсам, турсам элестейт,
—Сталин ата ушу!—деп,
Сүрөтүн тиктеп эл кетпейт.
Көтөрүп жүрдүк майрамда,
Күч кирди алдан тайганда.

Сабырлуу терең ойлонуп,
Алыска оюу болжолуп,
Жанаша турат Мао Цзе-дун,
Иштеген иши оң болуп.
Жеткирди дешет бул күнгө —
Көсөмдүн жолун колдонуп.
—Таалим алган көсөмдөн,—
Деп уктум мен көп элден.

Эркиндик күнү эртерээк,
Кытайга дагы келсе деп,
Жыргалдан гүдөр үзбөстөн
Таңды-кеч ойлоп жүрчү элек.
Калың эл күткөн саргарып
Болду эми кабыл ал тилек.
Эрк берген кытай калкына,
Адилеттүү компартия.

Жумушчу-дыйкан достошуп,
Кубанчын айтып баш кошуп,
Бийликти бизге берди деп
Салтанат куруп топтошуп,
Ааламга ачык жар салды,
Ким коймок үнүн токтотуп.
Шаңданып бийик чыгып үн,
Шаттыкка баткан эл бүгүн.

Чечендин уктум кептерин:
Жеңишке кантип жеткенин,
Партия баштап бул жолго
Тагдырын элдин чечкенин.
Эрк үчүн кыйып өмүрүн
Окко учуп эрлер өткөнүн,
Эстесем авы чыйралам,
Душмандар нелер кылбаган?!

Кайгыны мен да тарткамын,
Душман ким? Дос ким байкадым.
Эки уулум кетип согушка
Узатып жалгыз кайткамын.
Касташкан жоону жок кылбай
Келбе деп үйгө айткамын.
Баатырдын салты ушу деп,
Жөнөткөн элем беттен өөп.

Темирбек менен Болотбек,
Айтканын үжөт болот деп,
Ант берип алыс кеткенге
Кар түшсө беш жыл толот деп,
Эсептеп жүрөм жол карап
Кай күнү туурга конот деп.
Чындыгын айтсам ал мындай:
Кат жазган Болот бир курдай.

Ёнзы—жоң деген дайранын,
Жээгине жетип калганын,
Чжу Дэ буйрук берди деп,
Беттешип жоого барганын,
Тыным жок күн-түн атышып
Сүргөндө бир кат алгамын.
Душмандар качып булардан,
Кутулбайт деп кубангам.

Андагы тилек ишке ашты,
Токтоттук аккан көз жашты.
О, бирок менин чолдоонум,
Жаш ыраң чыгып шым басты...
Бактыны бизге калтырып
Өмүрүн ага алмашты.
Сызылып кызыл кан агып,
Ок тийген төшкө кадалып.

Кетерде көзү жумулуп,
Кайратын жыйнап жулунуп,
Жашасын дептир Мао Цзе-дун!
Бир карап элге бурулуп,
Акыркы айткан бул кеби
Айылга жеткен угулуп.
Укканда жүрөк сыздаган,
Ошентип уулум уктаган.

Андагы сынган кабыргам,
Айыкты бүтүп жаңыдан.
Эркиндик берген кишиге
Алкышым айтып жалынам.
Бул катты түздүм тууган эл,
Жүрөктөн чыккан жалындан.
Өткөнгө эми кейиш жок,
Кан төгүлбөй жеңиш жок.

Кан күйгөн согуш жылдары,
Тилегим кошуп мен дагы,
Ар кимден сурап жүн курап
Жоокерге мээлей кылганды.
Эске алдым бүгүн, а кезде—
Башкага менде ал барбы.
• Аянбай колдон келгенин,
Өзүмчө жардам бергемин.

Жакшылык болуп үмүтүм,
Жеңишке кошкон үлүшүм:
Эки уулум бирдей жибергем
Басыш деп элдин күйүтүн.
Чындыгын айттым мен бүгүн
Койнума батпай сүйүнчүм.
Дарт болгон дайым мендеги,
Кайгыны шаттык жеңди эми.

Согушка кеткен Темирбек,
Жарадар болгон төрт ирээт,
Анысын кийин айтармын
Эрдигин ачык белгилеп.
Колунан курал түшүрбөй,
Алиге чейин ал жүрөт.
Душманга катуу өчөшкөн,
Көрүнсө кыйыр өтпөстөн.

Кытайдын калың элинен,
Эркиндик бурган көңүлүн
Сандаган жылдар азапта
Өткөргөн көксөп өмүрүн.
Күрөшкө чыгып толкундап
Теңдигин алган күн бүгүн.
Эркинче согуп жүрөгү,
Шаңк этип чыкты күлгөнү.

Куралып келип кан кайдан,
Кытайга кара тор жайган,
Ойрону чыкты душмандын
Кантон, Пекин, Шанхайдан.
Эл күчүн айкын көрсөттү
Эрк үчүн болгон кан майдан.
Эркиндик сүйгөн эл күчүн,
Дүйнөнүн жүзү бүт билсин!

Мертинтип канкор душманын,
Пардасын баштан тытканын,
Күрөштө кытай баатыры
Торой чалып жыкканын,
Алыстан байкап тургандыр,
Чындыкты сүйгөн Сталин.
Эрдигин Кытай элинин,
Белгилеп терең берилдим.

Азаттык күнү келерин,
Акыйкат зили жеңерин,
Мурунку жазган катымда
Ишенип күтөм дегемин.
Төрөлгөн элге кошпогон
Айткамын турмуш себебин.
Чыгарбайм аны көңүлдөн,
Тяншан ыраак көрүнгөн.

Кылчайып артым карасам,
Жаркырайт улуу Тяншан!
Башында киргил булут жок,
Күн тийип ачык нурланткан.
Жол алыс эмес дегенсип,
Үн чыгат тоодо булактан.
Укканда жүрөк ысыган,
Ал үнгө бөтөн кызыгам.

Ашуусун ашып Беделдин,
Аржагын бир күн көрөрмүн.
Компартия жол ачып
Укугун берет ар элдин.
Ырыска шерик алтын Чүй,
Бооруңда сенин төрөлдүм.
Азаттык күтүп жүргөмүн,
Зар менен өтүп күндөрүм.

Керимсел өтүп басылды,
Күн тийип нуру чачылды,
Кытайлар шордон арылып
Бактынын жолу ачылды.
Мао Цзе-дун баштап күрөшкө
Тилегин ишке ашырды.
Эркиндик алган кытайдын,
Турмушу жаңы күн сайын.

Жери жок дыйкан жер алып,
Эмгекке кирди тер агып.
Бийликке кулдар ээ болду,
Укуксуз жүргөн жалданып.
Паанайы паска салынбай
Сүйлөшөт бөтөн шаңданып.
Боштондук алган кытайдын,
Өркүнү өссүн ан сайын!

—Эзилген чыгыш калкынын,
Алкышын ачык айтканын!
Эрк берген элге партия
Эшигин ачып бактынын,—
Ушинтип мага тапшырган
Тилегин жаздым жалпынын.
Тан атып кытай ойгонду,
Келечек жолун ойлонду.

II

Жан-дилим менен мен аны,
Куттуктап, тосом ырдады!
Самаган жерди көрүүгө
Саналуу бир аз күн калды.
Ынтымак болсун элде деп,
Мао Цзе-дун жаңы жол салды.
Жаңырган Кытай конушун,
Тилеймин куттуу болушун!

Кысылган кытай турмушун,
Чан-Кай ши бийлик кылышын,
Мурдагы жазган катында
Жек көрүп айткан бул кызын.
Азыркы турмуш башкача
Көздөгөн калктын ырысын!
Келсе деп заман дал ушу,
Эл күткөн тилек болучу.

Достугун билбейт дебегин?
Эки элди бирдей көрөмүн.
Эркиндик самап мен анда,
Бул жактан кетсем дегенин.
Азыркы Кытай бир башка,
Эгизи сындуу эненин.
Тилектеш алар силерге,
Жектебейт мени бу жерде.

Советтик элдик адамды,
Таанибай бирөө тапабы?
Падыша менен касташып
Аргасыз кетип калганды.
Боштондук үчүн боорлорум,
Кан төккөн жылдар андагы,
Караса тарых бетинен,
Көрүнөт даана четинен.

Кайда мен жүрсөм баарыдан—
Төрөлгөн жерди сагынам.
Сагынуу, сүйүү эрк менде,
Көнгөмүн бала чагыман.
Башынан аркылуу өтүп,
Турмушту кыйын таанигам.
Төрөлүп өскөн өз элдин,
Чырдыгын чынар көрөмүн.

Советтик улуу мекеним,
Жашырын эмес экенин,
Көпчүлүк билет, кат жазып,
Ар дайым ойлоп эстедим.
Унуткус болуп калыптыр,
Бир кезде жапаа чеккеним.
Өткөнгө каргыш кыламын,
Көрбөгөм турмуш жыргалын.

Шаттанам эми, шаттанам,
Сур булут кетти каптаган.
Үнүмдү бийик чыгарып,
Дүйнөгө ачык жар салам!
Чындыктын кайда экенин
Белгилеп өтөм кайтадан.
Бурмалап жаткан тарап бар,
Билсеңер керек каякта ал?!

Согушта жүргөн Темирбек,
Аныгын даана ал билет,
Мерт болгон чоочун солдаттан
Кат тапкан кызык, бир сүрөт.
Вашингтон шаарынан
Аялы жазып билдирет:
—„Кол кетти дептир жаңыдан",
Бул, согушка келген кандай жан?

Кас санап Кытай калкына,
Ок атсын деген ким буга?
Кай жактан кимдер жиберген,
Белгилүү болду жалпыга.
Вашингтон желдети
Жетишет колуң тарткыла!
Кийликпе Кытай ишине!
Чуу салба дүйнө жүзүнө!

Түнөргөн түнгө болбостон,
Таң сүрөт улам, таң сүрөт.
Булутту айдап койбостон,
Аркырап согуп жел жүрөт.
Эркиндик күчү жеңерин,
Чындыкты сүйгөн эл билет.
Айтамын муну белгилеп,
Эрк сүйгөн Кытай жеңди деп!

Кубулган күндө өзгөрүп,
Кыямат жолдон өткөрүп,
Советтик өлкөм баратат
Тынчтыктын туусун көтөрүп!
Ааламга жарык нур чачкан
Ачылган күндөй көрктөнүп,
Ай күнөө ишти ким танат?
Айтамын муну кайталап.

Жамандык түшүп оюна,
Котур таш катып койнуна,
Касташкан душман угушсун
Компартия жолуна,
Аттишке кыскан жаңгактай—
Бычырайт анын колунда.
Кимди, ким жеңет байкадым,
Муну мен ачык айтамын.

Жол баштап улуу акылман,
Эмгекчи эл ээрчип артынан,
Таалайлуу болуп өмүрү
Бактысы анын ачылган.
Сыймыгы күндөй жаркырап,
Ырысы көлдөй чалкыган.
Советтик өлкө жыргалын,
Ар дайым келет ырдагым.

Карасам ырыс таңына,
Келечек элдин багына,
Ойдо чолпон жылдыздай
Көрүнөт Совет жагында.
Дүйнөнү ошол бак басат,
Сталин атам барында.
Көп элди шордон куткардың
Көп жаша Улуу Сталин!

Түшүрбөй курал колунан,
Кытайлар ээрчип соңунан,
Мао Цзе-дун баштап күрөшкө
Баш тартпай түшкөн жолунан.
Бактыга жетти, бактыга,
Бошонуп азап торунан.
Муң - кайгы кетти зынданга
Татыбай күндүк жыргалга.

Бактынын ачкан кең жолун,
Сталин менен Мао Цзе-дун.
Көкөйдү кесип көп жылдар
Чырмаган тордон бошондум.
Бул жолго түшкөн таалайлуу,
Аны мен ырга кошомун.
Бак-таалай кайда экенин,
Дүйнөгө баян этемин.

Бул жолго каршы чыккандын,
Баруучу жайын уккамын.
Өлүмдөн башка арга жок,
Тагдыры ошол душмандын.
Көр издеп жүрөт Чан-Кай ши
Жер кыдырып күн сайын.
Эскилер урап бүтмөкчү,
Жаңыны бул доор түзмөкчү.

Тилекке кайчы келгендин,
Сазайын колго бер дедим,
Согушка уулум жөнөтүп
Сталин бар деп, дем бердим.
Жарчысы болуп чындыктын,
Тилегин тилеп элдердин,
Жакшылык күндү күткөмүн,
Баарына чыдап түткөмүн.

Эки уулум бирдей кеткенин,
Алгач мен баян эткемин.
Темирбек жүрүп согушта
Партияга өткөнүн,
Укканда жүрөк толкундап,
Кубаныч жашын төккөмүн.
—Алдыңкы болуп катарга,
Мен чыктым дептир сапарга.—

—Жалгыз деп ойдо болбогун,
Көп кытай менин боорлорум.
Партия айкын көрсөткөн
Бактыга барчу жолдомун.
Кайраттуу элдин кызы элең,
Ыр менен бизди колдогун!—
Ушинтип жазган каты бар,
Окуса көңүл ачылар.

„Түшпөсүн колдон куралың,
Кыйындык келсе чыдагын!
Милдети болот жигиттин:
Коргомок элдин жыргалын!
Жолоюн жолдоп жоого кир,
Кытайдын баатыр уулдарын!
Ушундай жооп кат кылгамын,
Баарына көңүл бургамын.

Жоо менен ачык беттешип,
Жоокерлер эрдик көрсөтүп,
Атышып жаткан чагында
Өтүптүр санын ок тешип.
Жаратын Ли-Бо таңыптыр,
Көтөрүп суудан өткөзүп.
Бир аз күн жатып айыгып,
Барыптыр кайра кайрылып.

Өчөшүп, жаны ачынып,
Өч алып көксөө басылып,
Бетме-бет келген кезинде
Найзасын* сунуп качырып,
Желдеттин жетөөн жайлаптыр,
Алгалап ураан чакырып.
Анда да душман жеңилип,
Кай бири качкан чегинип.

Караңгы бороон түнүндө,
Калдайган токой түбүндө,
Масалат курат командир:
—Душмандар жатат тигинде!
Тирүүлөй бизге тил керек,
Кандай ой бар деп, киминде?—
— Мен, мен! деген үн чыгат,
Баруугa көбү умтулат.

Белгилеп ыңгай, багытын,
Көрсөтүп жолдун баарысын,
Темирбек менен Ля-Бого,
Макулбуз дешет, барышсын.—
Экөө тең кетет жол тартып,
Зээри учуруп намысты.
Эл үчүн туулган жигиттин,
Жүрөгүн жаштар билишсин.

*) *Найза*—штык.

Бет алып ызгаар, бороонго,
Узун түн тени оогондо,
Болжошкон жерге жетишип,
Караса байкап оң-солго,
Жылтылдап чыгып от өчөт,
Түнөргөн токой тар жолдо.
Боорунан жылып сойлошуп.
Барышат амал ойлошуп,

Тамеки тартып олтурган,
Сакчыны көрөт сыртынан.
Шырп эткен шыбыш алдырбай,
Айланып өтүп кырчындан,
Илбирстей ыргып Темирбек
Бүркүттөй бүктөп мыкчыган.
Түлкүнү бүркүт кармаса,
Бошонуп кетер ал канча?

Ушинтип эрдик кылганын,
Ыраазы болуп ырдадым.
Эсимен кантип чыгарам,
Кан аккан согуш жылдарын?
Эркиндик үчүн таймандай,
Кармашкан менин уулдарым.
Темирбек али келелек,
Айылдын четин көрөлөк.

Мен ага минтип айткамын:
— Бүткөнчө душман кайтпагын!
Алыстан, ичтен жоо чыгар,
Кылдаттык менен байкагын!
Бир күнү тосуп алармын,
Бактылуу болгун аппагым!—
Жоо жеңген элдер аркылуу
Биринчи менмин бактылуу.

## III

Туулгандан жарык дүйнөгө
Кезикпей жыргал күндөргө,
Зар менен өтүп өмүрүм
Календер болуп жүргөндө,
Эркиндик күнү жаркырап
Мээримин төктү бул жерге.
Кубанчым айтсам тил жетпейт
Өмүрүм чексиз жылды эңсейт.

Сүйлөсөм тилге тең болбой,
Сар санаа тартып санды ойлой.
Уясын таппай адашып
Канаты талса бир конбой,
Мен элем муңдуу, талаада—
Чарылдап жүргөн боз торгой.
Мөгдүрөп калган чагымда,
Кошулдум киши санына.

Билишип мени тааныган,
Көпчүлүк элдин наамынан,
Өкүлү болуп мен келип
Кат жаздым Пекин шаарынан.
Тынчтыкты сүйгөн элдерден,
Өкүлү келди баарынан:
—Биз жактан кимдер келди—дей
Издедим жүрөк элжиреп.

Боорлорум таптым, жолуктум,
Көргөндө кызык болупмун...
Көзүмөн келдеп жаш кетип,
Басылбай көпкө коюпмун.

Мойнунан сыга кучактап
Бетинен балдай сорупмун.
Кандайча болуп кеткенди,
Ал кезде кызың сезбеди...

Дагы мен жакшы чыдадым,
Көбү өтүп жаштык убагым.
Сагынып калган жүрөктүн
Жалынын ичтен чыгардым.
Төрөлүп өскөн эл-жердин,
Ал жайын көпкө сурадым.
Уккан соң абдан кубандым,
Өлкөмдүн гүлдөп турганын.

„Кат жазган элем бардыбы?
Кадырлуу элим алдыбы"?
Бул менин берген суроомо:
Жооп айтып моокум кандырды.
— Айылда жаштар жатташып,
Жаңыртып ырдайт адырды.—
Уккан соң кабар бул өңдүү,
Жүрөгүмө гүл өндү.

IV

Дүйнөнүн бардык бурчунан,
Эркиндик үчүн умтулган,
Тынчтыкты сүйүп жактаган
Эмгекчил элден бир тууган,
Өкүлдөр келип Пекинге
Максатын айтып топ курган.
Баарынын бирге тилеги,
—Тынчтык дейт,—дүйнө тереги!—

— Кырсык иш чыкса күтпөгөн,
Өмүргө пайда бүтпөгөн.
Чагылган болуп тиелик
Биримдик жалпы күч менен!
Советтик өлкө баштаган
Бактыга барчу жол кенен.
Ээрчийбиз анык артынан,
Үлгү алып Совет калкынан!

Ушундай чечим кылышты,
Ай күнөө айтып чыгышты.
Боштондук сүйгөн дүйнө эми,
Каалабайт кандуу урушту.
Адамзат эркин жашаган,
Каалашат жыргал турмушту.
Карелап кандуу согушту,
Чечимге колун коюшту.

Күбөсү болуп турмуштун,
Женерин айтып чындыктын,
Сталин үчүн арналган
Ырымды окуп мен чыктым,
— „Сталин менен Мао Цзе-дун,
Жашасын!" деген үнду уктум.
Толкундап кеттим ошондо,
Үнүмө үн кошкондо.

## V

— Төрөлгөн элдин бактына,
Кам көргөн турмуш—шартына,
Дос болуп дайым кол берген
Эмгекчил дүйнө калкына,

Улуу Сталин атама,
Кытайдан салам айткыла!—
Аманат дедим так кылып,
Кетерде өкүл тапшырып.

Чоң экен ырыс, таалайым,
Алдыга күлө карайын!
Боштондук күтүп, күндөрдүн—
Өткөргөн элем далайын.
Советтик, Кытай эки элдин—
Эркеси болуп калайын.
Бир туутан элим эсен бол!
Жеңиштер үчүн келе кол!

## МАЗМУНУ

Бети

1. Биринчи кат (сатынам) . . . . . . . . . . . . 7

2. Экинчи кат . . . . . . . . . . . . . . . . . 39

3. Үчүнчү кат . . . . . . . . . . . . . . . . . 53

Жоопуу редактор *Самаганов*
Техн. редактор *Кабиров И. В.*
Жоопуу корректор *Молдахматова А.*

Терүүгө 17|VIII 1950 ж. берилди. Басууга 10|XI 1950 ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 70Х92 1/32 Бардыгы 1,19 барак кагаз 2.78 басма табак 2,57 учёттук табак. Д—07946 Заказ 3024 Тиражы 5090 Баасы 4 с. 50 т.

Фрунзе шаары типографиясы № 2